УДК: 78.05.
**DOI:10.58494/esai.23(7).2023.05**

*Аманова Нуриза, ОшМУ,*
*магистрант*

## КИЙИМДЕРДИН КЕЛИП ЧЫГУУ БУЛАКТАРЫ

***Аннотация:*** *Бул макалада адамдар татаал табигый шарттарда жашоого көңүл, өз жашоо тиричиликтерин системалуу түрдө улантып келишкендиги анализденди. Катаал аба ырайынан коргонуу үчүн, денени бир нерсе менен жабуу муктаждыгы келип чыккандыгына көңүл бурулду. Айлана чөйрөнүн түрдүү өзгөрүүлөрү жыл мезгилинин жылуу жана суук аба ырайы кийимдин пайда болуп, андан ары өнүгүшүнө алып келген.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *кийим, татуировка, кездеме, тери, аксессуар, эстетика, коргонуу, жип.*

## ИСТОКИ ПРОИСХОЖДЕНИЯ ОДЕЖДЫ

***Аннотация:*** *В данной статье проанализировано, что люди раньше жили в сложных природных условиях и планомерно продолжали свою жизнь. Обращено внимание на необходимость укрыть тело чем-нибудь для защиты от непогоды. Различные изменения окружающей среды, теплая и холодная погода года привели к появлению и дальнейшему развитию одежды.*

***Ключевые слова:*** *одежда, татуировка, ткань, кожа, аксессуар, эстетика, защита, нить.*

## ORIGINS OF CLOTHING

***Annotation.*** *This article analyzes that people used to live in difficult natural conditions and systematically continued their lives. Attention is drawn to the need to cover the body with something to protect it from bad weather. Various environmental changes, warm and cold weather of the year led to the appearance and further development of clothing.*

***Key words:*** *clothing, tattoo, fabric, leather, accessory, aesthetics, protection, thread.*

Салттуу маданияттын маанилүү элементтеринин бири этникалык топтун социалдык-маданий жана тарыхый өнүгүүсүн чагылдырган кийим болуп саналат. Кийим-кече салттуу этникалык маданияттарда өзгөчө орунду ээлеп, уникалдуу тарыхый булак катары кызмат кылат. Адистердин айтымында, этно-костюм адамдын биринчи материалдык кабыгы, аны тышкы дүйнө менен байланыштырган ортомчу байланыштын бир түрү. Алар тигил же бул этникалык топтун адамдын дүйнө таанымы жөнүндө маалымат белгилүү бир формада костюмда коддолгон деп эсептешет.

Кийим – бул адам колдонгон утилитарлык жана эстетикалык функцияларды аткарган буюм же буюмдардын жыйындысы. Ал организмди айлана-чөйрөнүн терс таасиринен коргойт, эстетикалык функцияларды ролун аткарат жана адамдын образын, социалдык статусун көрсөтүп турат. Кийим-кечелер кездемеден, трикотаждан, булгаарыдан, мехтен жана башка материалдардан тигилет, ал кийинчерээк зер буюмдар жана аксессуарлар менен толукталды [1].

Кийимдин пайда болуу тарыхында климаты жыл бою жылуу болгон Африка мейкиндигинде алгачкы адамдар жашап келгендиги боюнча көптөгөн маалыматтар бар. Ал эми изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча, адамдар көп убакыт бою кийимге муктаж болгон эмес. Байыркы мезгилдерде эң алгач адамдар чачтарына көңүл бурушкан. Башкача айткада, мергенчиликке чыкканда же мөмө-жемиштерди жана өсүмдүктөрдүн тамырларын чогултуу учурунда узун чачтары көзгө кирип тоскоолдуктарды жаратып келген. Ошондуктан түрдүү кыймыл аракеттерди жасоодо тоскоолдуктарды алдын алуу үчүн жаныбардын куйругунан өрүлүп жасалган чачтарды пайдаланышкан. Ошондой эле, кийим-кече пайда боло электе, адамдар зер буюмдарын тагынышып жана татуировкаларды денелерине тартып башташкан.

Татуировка жана зер буюмдар кийимден мурун пайда болгон, бирок зергерчиликтин жана татуировканын семантикалык мааниси азыркыдан таптакыр башкача болгон. Алгачкы адамдар табияттын күчүнө, ата-бабалардын рухуна терең маани беришип, жардам берүүчү күч катары эсептешкен. Алар түрдүү каргыштарга жана сыйкырдуу ырым-жырымдарга ишенип келишкен. Ошондуктан зер буюмдары да, татуировкалары да тумардын функцияларын аткарып келген. Татуировка – бул денеге локалдык жаракат ыкмасы менен аткарылуучу туруктуу үлгүнү колдонуу процесси [2].

Алар өздөрү колдонуп жүргөн тумарды жаман рухтардан жана каргыштардан коргойт деп ишенишкен. Башкача айтканда, уруулардын шамандары, тиги дүйнө менен түздөн-түз байланышта болгон адамдар жашап келген.

Байыркы мезгилдерде инициация ырымын өткөрүшүп келишкен андан ийгиликтүү өткөндөн кийин гана бала эркек деген статуска ээ болгон. Бул ырым чыдамкайлыктын жана ооруу, сыркоого чыдамдуу болуунун бир катар сыноолорун камтыган. Эгерде бала белгиленген ырым-жырым эрежелеринен ийгиликтүү өтө албаса ага баладай мамиле кылып, жигит деп эсептешкен эмес. Бул ырым-жырымдан толук өткөндөн кийин гана, денеге татуировка же тырык түрүндөгү тиешелүү белгилерди түшүрүүгө уруксат берилген.

Бирок байыркы адамдардын кийимдери кийинчерээк пайда болгон. Кийим бизди курчап турган тышкы жагымсыз чөйрөнүн таасиринен коргойт. "Кийим" түшүнүгүнүн бул аныктамасы костюм тарыхы боюнча дээрлик бардык маалыматтарда белгилүү. Жаныбарлардын терилери – алгачкы адамдардын биринчи кийими болуп саналган.

Ал эми Африкада аба ырайы салыштырмалуу жагымдуу болуп келген болсо, кийинчерээк байыркы адамдар түндүккө көчүп барганда, суук аба ырайынын катаалдыгына байланыштуу алгачкы жылуу кийимдер пайда болгон. Алгачкы мезгилде жаныбарлардын жылуу терилерин кийим катары колдонушкан, андан кийин бекем кийим тигип кийе башташкан. Ошентип, археологдор тарабынан табылган эң байыркы тигүү ийнелери биздин заманга чейинки 40 миң жылдыкка таандык. Бул мезгилде тарыхта биринчи жолу жүн кездемелерден кийим да пайда болушу мүмкүн.

Кийим адам баласынын жаралышынын алгачкы этаптарынан бери эле кийилип келген. Археологдор тапкан биринчи гардероб буюмдары болжол менен 40 миң жыл мурункуга таандык. Кийим пайда болгонго чейин примитивдүү адамдар курт-кумурскалардан жана жагымсыз тышкы факторлордон коргонуу үчүн өздөрүнүн денелерин ар кандай кошулмалардан жасалган чопо, күл, жаныбарлардын майларды менен сыйпап алышкан. Андан кийин коргоого культ жана декоративдик функциялар кошулган. Денени жабуу үчүн охра сыяктуу пигменттүү кошулмалар колдонулган, ошондой эле урууга таандык ырым-жырымдарды бекем сактоо үчүн татуировкаларды колдонуп келишкен [3].

Байыркы убактарда жашаган адамдар үчүн Африка аба ырайы жылуу аймак болуп, жашоону улантуу үчүн жагымдуу чөйрө катары саналган. Демек, кийимдин муктаждыгы анча деле актуалдуу болгон эмес. Ошол учурда кийим, татуировка жана зергер сыяктуу, алгач сыйкырдуу тумар катары функцияны аткарган.

Кызыктуу жагдай, суук климатта жашаган Тиерра-дель-Фуэгодогу (Түштүк Америка) индейлер дээрлик эч кандай кийим-кечек менен жасашкан эмес. Алар жалан гана белдемчи кийишген жана териден жасалган плащ менен денелерин жаап жүрүшкөн.

Бардык убакта адамдар татаал табигый шарттарда жашоого көнүп, өз жашоо тиричиликтерин системалуу түрдө улантып келишкендиги белгилүү. Мисалы, катаал аба ырайынан коргонуу үчүн, денени бир нерсе менен жабуу зарылдыгы пайда болгон. Айлана чөйрөнүн түрдүү өзгөрүүлөрү жыл мезгилинин жылуу, суук аба ырайы кийимдин пайда болуп, андан ары өнүгүшүнө алып келген. Алгачкы адамдар өсүмдүктөрдүн жалбырактарын жана чөптөрдүн калдыктарын белдерине байлап алышып кийим ордуна пайданышкан. Мындан тышкары, адамдар аңчылык учурунда өлтүрүлгөн жапайы жаныбарлардын терилерин колдонушкан. Аларды курч таштар менен каалагандай бөлүктөргө бөлүшүп, кийинчерээк сөөктөн жасалган ийнелер менен тигүүнү үйрөнүшкөн.

Убакыттын өтүшү менен адамдар зыгырдын жана чалкандын сабагынан жана жалбырактарынан жип жасоону үйрөнүп, андан жип, балык уулоочу торлорду, килемдерди, баштыктарды токушкан. Жиптерди бириктирүү менен адамдар кездеме жарата башташкан. Кездемеден тигилген алгачкы кийимдер абдан жөнөкөй болгон, адам кездемеге оронуп, аны ийинден жана белинен курчап алышкан.

Кийинчерээк байыркы Грецияда ат арабадагы айлануучу дөңгөлөктөрдү колдонуу аркылуу жаныбарлардын жүнүнөн жип жасоону үйрөнүшкөн. Адамдын гардеробунда жүндөн жасалган буюмдар, түрдүү кийимдер пайда боло баштаган. Байыркы убакта эле адамдар жибек жаратуучу курттарга көңүл бурушкан. Курт жараткан жибек жипти өздөштүрүшүп, жибек жасалган жиптерди алууну үйрөнүшкөн.

Ар кандай жиптерден кездемелерди өндүрүү үчүн адамдар токуу станокторун ойлоп табышкан. Алар ар кандай көрүнүштөгү кездемелерди түзүү үчүн колдонулган, кийинчерээк кездемеге түрдүү түс берүү үчүн  боёкту да ойлоп табышкан. Азыркы кезде кездемелер табигый материалдардан эмес зыгыр буласынан, пахтадан, жибектен чыгарыла баштады. Кийинчерээк адамдар нейлон жана полиэстер сыяктуу мунай продуктыларынан жасалма (синтетикалык) кездемелерди жасоону үйрөнүштү. Синтетикалык кездемелер көп бырыш болбойт, бат кургайт, ошондуктан алар көбүнчө спорттук кийимдерди, байпактарды жасоодо кеңири колдонулат. Бирок, мындай кездеме теринин аллергиясын пайда кылып, ден-соолукка терс таасирин тийгизиши мүмкүн.

Убакыттын өтүшү менен кийимдердин жаны түрлөрү пайда болуп, мурункуга караганда сапаты жакшырды. Мисалы, миңдеген жылдар бою аялдар менен эркектер эң ыңгайлуу кийим катары көйнөк кийишкен. Бирок адам ат мингенди өздөштүргөндөн кийин шымчан ат минүү ыңгайлуу экени белгилүү болду. Шым эркектердин гардеробунда пайда болуп, ал заманбап универсалдуу кийимге айлана баштаган [4].

Адам дайыма костюмду жасалгалоого, адаттан тышкаркы кылууга умтулган. Кийимдеги артыкчылыктар адамдардын жашоо образын, кесибин чагылдырып көрсөткөн. Ак сөөк адамдардын кийимдери жибектен жана табигый жүндөн тигилип, асыл таштар, алтын, күмүш менен коокдолгон.

Андан кийин түштүк аймактарда белдемчи жана түрдүү кийимдер пайда болгон. Түндүк аймактарга отурукташкан элдер башынан бутуна чейин жүн, тери менен каптай башташкан. Кийинчерээк өсүмдүктөрдүн сабагынан, жаныбарлардын тамырларынан жиптер пайда болгон. Адамдар балыктын сөөктөрүн терилерди бириктирүү үчүн ийне катары колдонууну үйрөнүшкөн. Булгаарыдан жасалган көйнөктөр менен шымдардын алгачкы көрүнүшү ушундайча жол менен келип чыккан. Адамдар кийген биринчи кийимдер жогорку палеолит доорунда жаралган. Башкача айтканда,  неолит доорунда, адамдар токуучулукту, ийрүүчүлүктү үйрөнүшкөн. Ошол убакта биринчи токулган кийимдерди тигишип, жашоо образын жаңы нукка бурушкан.

Египеттик эркектер үч бурчтук же тик бурчтук формасындагы кийим  кийишкен. Аялдар кайыштары бар тик бурчтуу кездемеден жасалган узун көйнөк кийген. Байыркы Египеттин фрескаларынан жана скульптураларынан бул кийимдер кандай болгонун болжол менен түшүнүүгө болот. Аристократтар кымбат кездемелер жана зер буюмдары менен өз статусун көрсөтүшүп, башкалардан өзгөчөлөнүүгө аракет кылышкан. Ал эми жоокерлер коргоочу булгаары төш белгилерди кийишкен [5].

Адамзатынын тарыхында көптөгөн согуштар, кара-карышылыктар тынымсыз болуп келген. Ошондуктан  кийим биринчи кезекте коргоо милдетин аткарган. Вавилондуктардын кийимдери ачык жана түстүү болгон, анткени алар түрдүү боёкторду кеңири колдонушкан.

Вавилондо класстык, таптык, катмарлык айырмачылыктар ачык эле байкалып турган. Байлыкка умтулган аристократтар, бийликтегилер менен сыйлуу коноктор зер буюмдарын жана кызгылт көк түстөгү кийимдерди колдонуп келишкендиги белгилүү. Кызгылт көк кийим эң кымбат жана жогорку класстагы адамдарга таандык болгон. Адамдын статусу канчалык бийик болсо, көйнөгү ошончолук узун болгон. Жогорку даражалуу коноктор жана дин кызматчылар этеги менен кооздолгон халат кийишкен.

Аялдар узун жеңдүү түз кесилген көйнөктөрдү кийип, баштарын кичинекей калпак менен жаап жүрүшкөн. Ак сөөк вавилондук аялдар узун көйнөк кийип, башын жана далысын парда менен жаап алышкан. Кийим адаттарды жана баалуулуктарды көрсөтүүнүн өзүнчө жолу болуп калды. Кийинчерээк белгилүү бир топтун табитин чагылдырган кийимдердин модасы жаралган. Ошондой эле ар түрдүү элдер өздөрүнүн салттарын, маданиятын, тарыхын чагылдырган кийимдерди ойлоп табышкан, бул өзгөрүүлөр улуттук кийимдердин пайда болушуна түрткү болгон.

**Корутунду**

Жыйынтыктап айтканда, азыркы учурда глобализм доорунда бардык континенттердеги адамдар бирдей кийинишет. Кийим адамдын кайсы улутка таандык экенин кийимдин көрүнүшү, түстөрү, формалары айырмалап турган. Кийим качан жана кантип пайда болгонун так айтуу мүмкүн эмес, анткени ал алгачкы доорлордо пайда болгон.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Анучин Д.Н. Одежда // Энциклопедический словарь Брокгауза и Ефрона 8т. (82т.и 4 доп). – СПб., 1890-1907.

2. Андреева Р. П. Татуировка // Энциклопедия моды. – СПб.: Литера, 1997. –С. 342–344.

3. Мерцалова М. Костюм разных времен и народов: в 4 т. М.: Академия моды, 2001.

4. Ермилова Д.Ю. История домов моды. Серия: Высшее образование. Изд-во: Академия, 2004. 288 с.

5. Васильева Е. Теория моды: миф, потребление и системы ценностей. Санкт-Петербург; Москва: RUGRAM_Пальмира, 2023. 387 с.